ШАКИТОВ Ш. Ж.
*Алышбаев ат. Ысык-Көл кооперация институту*

# КӨП КЫРДУУ КАРКЫРАДА

Тоолуу жерлердин бардыгында көптөгөн кырлар бар. Кеп алар жөнүндө эмес, Каркырадагы турмуштун көп кырдуулугу жөнүндө баратат.

Жайкалган, толукшуган, жайдын мемиреген ачык күндөрүнүн биринде биз жолго чыктык. Биз дегенибиз: кичүү кызым Фатиманын уулу - Чыңгыз, Е.Якир атындагы, Бишкектеги № 61–мектептин 9-классынын окуучусу; атамдын карындашы, эжем Калипанын чөбүрөсү – Бакыт Болгонбаев, К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун тилфагынын II курсунун студенти, Түп районундагы Сары-Булуң айылынын (мурдагы «Маяк» совхозунун 3-фермасы) тургуну. Айылдык студентке караганда шаардык окуучунун тил байлыгы, улуттук маданиятты өздөштүрүүсү анча деле бийик эместигин ар ким мойнуна ала турган даражага келип калдык. Тилим – кыргыздыкы, урааным - Манастыкы, бийигим - ата-эне, тирегим - намыс, урматым – улуулук, ызатым – кичүүлүк, бешигим – Ала-Тоо, берметим – Ысык-Көл, кайратым –-элимдин колдогондугу, акылым - накыл, таалимим – насаат, рухум - айкөлдүк, ички дүйнөм, туткам – салт, калысым – калкым, ишенгеним – элим, түшүнгөнүм – жөнөкөйлүк, учкулум – макал, жек көргөнүм – чындыктан тайгандык, адепсизим – эмгексиз байыгандык, элден чыкканым – ант, шерт бузгандык, уурулук, кылмыштуулук экендигин шаардык балдардын түшүнбөгөндүгү, чала түшүнгөнү, түшүнгүсү келбегендиги аларды улуттук белгилерден алыстатып баратат. Шаардын турмушу менен гана балдарыбызды мезгил каалагандай тартипте кыргыз кыла албагандыгыбызга көзүбүз жетти. Ал үчүн айыл менен шаардык маданиятты мүмкүн болушунча айкалыштырып, балдарга билим берүү жана, баарыдан мурда, аларды улуттук баалуулуктардын негизинде тарбиялоо элибиздин, мамлекетибиздин күн тартибине коюлду…

«Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны».

Жээндеримдин, айрыкча, кичүүсү-нүн эл, жер менен таанышуусу Түптөн башталды. Түп–Кегендин эки тилкелүү, күзгүдөй тегиз, асфальтталган жолу 80-100 км менен бизди Каркыраны көздөй алып учту.

- Чыңгыз, бул айыл – Талды-Суу. Бир кездерде райондун борбору эле. Мындан атактуу адамдар көп чыккан: Дыйканбаев Казы – коомдук, мамлекеттик, партиялык ишмер; Мамбеталиев Уркаш – манасчы; Турусбеков Бейшен - медилимдеринин доктору, профессор ж.б.; Темиров Марат - Корумдудан, контрадмирал; чечен Карач аке, Карачев Сыдык – Жылуу-Булактан, жазуучу, журналист; Элебаев Мукай, Чоң-Таштан, жазуучу; котормочу; кең-суулуктар: Бектенов Зияш – тилчи, адабиятчы; Карасаев Кусейин – тилчи, академик; Саспаев Аман - жазуучу, кытай–кыргыз сөздүгүнүн автору; Сыдыкбеков Түгөлбай – жазуучу; Жангорозова Алиман – Сары–Тологойдон, актер. Балдарга даңктуу инсандар жөнүндө азын-оолак маалымат бергичекти асфальтталган жол аяктап, Кара–Чүңкурга да (азыр - Байзак) келип калдык. Бирок асфальттоону улантыш үчүн Кең-Суунун ары жак, бери жагына топурактуу, кумдуу шагыл төгүлүп, көпүрөнүн шакектери орнотулуп жатыптыр.

Айтылуу, ажайып дүйнөлүү Чоң-Бет. «Ак-Кеменин» айрым эпизоддору ушул жерде тартылган.

-Таята, мындай укмуштуудай кооз жерди мурда көрелек болчумун.

-Көргөнүңдөн көрелегиң көп, аман болсоңор, далай жерди көрөсүңөр. Келечегиңер алдыда.

1916-ж. кыргыз трагедиясына арналган таш белги 2011-ж. Чымынды–Сайдын башталышына орнотулган. Үркүн жөнүндө Бакытта аздыр – көптүр түшүнүк бар экен, ал эми Чинада??? Улам кийинки муун тарыхыбыздан алыстап кетсе, келечек кандай болот?

Ысык-Көлдөй чалкыган, бетегеси белден, даңазалуу Каркыра башталды.

«Көл жайлоосу Каркыра
Мактаганча бар тура.
Тоосу толгон карагай,
Түзү түмөн мал тура.
Чыккан чөбү май тура.
Аккан суусу бал тура.
Сочи, Крым не керек
Бул жердеги малчыга».

Акындын жогорудагы ыр саптарын жатка билбесе да жээндеримдин «Манастан» кабары бар экендиги кубандырды.

-Таята, Көкөтай атабыздын ашы Каркырада өткөндүгү чынбы?

-Эпос боюнча алганда, чын. Карагылачы, тигине, ошондо казылган кемегелердин орду ушул күнгө чейин сакталып калган…

-Эмнеликтен аш Каркырада өткөн?

-Ар кимиси тиги-муну сунуштаганда, Алтайдан Ооган, Эренге; Тибеттен, Самаркан, Оролго; Теңир-Тоодон Сары-Аркага чейин чалгындаган даанышман эр Кошой аталган жерлерге кыскача мүнөздөмө берген.

-Касиеттүү Алай, Суусамырдай жер болобу! Бирок карагай, кайың өспөгөндүктөн, отун издеп калабыз. Сары-Арка кенен жер, бир айыбы – сууга жарды. Ташкендин айланасы жайык болгон менен, өтө ысык. Жер кыртышы чополуу болгондуктан, жер жайнаган малга, жанга чыдабай чаңы чыңып, ашка келгендерге кыйындык туулат. Кеңирсиген Каркырадай жерди көрбөдүм: абасы, суулары таза, тоолору токойго бай, диркиреген, коктулардан кулап түшкөн булактар Каркыра суусуна кошулуп, салкындык тартуулайт; тептегиз, кыртышы жумшак, бармак башындай да ташы жок. Аш берип, ат оюндарын өткөрүп, күч сынашууга эң ылайыктуу жер – Каркыра.

«Карынын кебин капка салып», бир да манасчы Каркырадан башка жерге Көкөтайдын ашын өткөзүшпөйт…

«Жер сорусу – Каркыра» дешет. Калетсиз сөз, бирок калыс эместир - Арыстанбап жаңгак токою, Таластагы Беш-Таш, Көк-Жайык, Кырчын, Сары-Челек, Чоң-Кемин, Эки-Нарын ж.б. жер соорусуна татыксызбы? Өзүнө гана тиешелүү касиеттери менен алардын ар бири – жер соорусу. Жер шарынын башка мейкиндиктерине барсаң, жер соорусу табыла берет.

Каркырага кандай касиеттер мүнөздүү? Айланасы бийик тоолор. Алардын тескейи токойлуу чер, күнгөйү калың чөптүү жайыт, түзөңүнө көз жетпейт, мунарыктап, Кеген, Кетмен, Тескей Ала-Тоого барып такалат – «көз учунда мунарык, көз жетпеген тунарып». Ортолой барып, дөңгө чыгып, айланага көз чаптырсаң, көк жашыл килемге көзүң да, өзүң да тоюнуп, кере-кере терең дем аласың.

Каркыра өрөөнүнүн узундугу 80 кмдей, жазы жери 30 кмге жетет; аянты 400 км$^2$ге жакын. Деңиз деңгээлинен бийиктиги 1800-2750 м.

Каркыра Манастын гана эмес, малдын да жери.

1960-жылдарда Түп районунда иштеп жүргөндө Турук, Сары-Жаз, Эңилчек, Кайыңдыга жана Каркырага нечен курдай барганбыз. Мезгилге жараша коомдук кубулуштар, курулуштар бири бирине окшобойт. Совет доорунда бардыгы колхоз, совхоздун малчылары үчүн болучу: электрдин күчү менен саалган сүт Бошаринодогу

заводго жеткирилчү, белчемдүү жерлерге типтүү кашарлар курулган; тез-тез каттап, малчыларды автодүкөндөр, автопоездder тейлөчү. Эми алардын бири жок: кашарлар тонолгон, менчиктелген, кээсин жер көчкү баскан; саан гурттардын аппараттары уурдалган, жараксыздары металл сыныктарына айланган; кымыз сатуу деген түшкө да кирчү эмес. Коомдук бул кубулуштар балдарга жомоктогудай эле сезилгендей болду. Ошондуктан өткөндү кайталай бербей, көздөрү менен көргөн көрүнүштөргө алардын көңүлүн бургубуз келди.

«Жайлоонун көркү мал менен». Майда жандыктарды эске албаганда, Каркырада 3000 жылкы, ошондой эле санда уй жайылып, байлыкка тойлук кошулууда. Мал-жан аман-эсен: ылаңдаган, оозунан шилекей куюлган же жоор басып, кырчаңгыланган малды; онтолоп ооруган жанды көрбөйсүң–мындай ажайып жерде мал-жандын оорулары уялганынан өздөрү эле качып жоголгудай. Боз үйлөрдү, вагонеткаларды, чакан-чакан үйлөрдү тегеректеп бээлер жүрсө, аларды кымыздын борбору дей бер. Өздөрүнөн артканын, негизинен, шаарга жөнөтүшөт. «Алтын чыккан жеринде –каат». Ал эми кымыз чыккан жеринде эмес, жеткен жеринде каат. Каркырада кымыздын бир литрине 45 с. төлөнсө, шаарга келгенде ал 65-70 с. чыгат ( а деп сатыла баштаганда 120 с. чапчыды). Базарды чеги жок кымбаттаткандар – алып сатарлар. Алардын колу жоорубайт, бели оорубайт, продукция өндүрүүгө катышпайт, бирок …

«Жамандын жан жыргаатары – уйку, жан алгычы – жылкы». Түнкүсүн жылкыга көз салбай, ит-кушка жем кылган малчылар да бар. Быйыл Туруктан эле жыйырмадай кулун, тайларды карышкырлар жеп кетти.

Адамдын каны кымыз эң сонун, болгондо да жайлоодогу, күн сайынкы жаш, гүлдүү кымыз. Антсе да кымыздын челектерде ачытылышы сабаага жетпейт. «Бири кем дүйнө». Улуттук маданиятта унутулган көп эле нерселер кайра жаралууда, бирок сабаага кезек келбей тургандыгы өкүндүрөт. Сабаа бычып, тигип, ыштоону билгендер Жумгалда бар-аны 10 миңге, серке чаначты 5 миңге, кол чаначты бир миңге сатышат. Мындайларды Тоңдун Кескен-Белинен да учуратасың. Кымыз ачыткандар ушул маалыматтарды иликтеп, жыйынтык чыгарышса, сабаанын ышына каңылжарды жарган кымыздын жыты айкалышып, керемет даамга айланмак.

Биздин бул жолку, акыркы аялдамабыз - Чаар-Кудук. Каракол-Чаар-Кудук 120 км. – бир сааттык жол, бирок  биз төрт саатта келдик. Улам токтоп, теребелге көз чаптырып, жаратылыштын кооздугуна суктанасың; аны сүрөткө тартпай, сыймыктанбай коё албайсың. Шаардыкына салыштырганда, Каркыранын жолу да түзүк: чөнөксүз, суу каптаганы деле көрүнбөйт. Илгеркидей көрүнгөн жерге жол салып, жайытты бузган машиналар байкалбайт. Мындан деле машинанын көптөгөн маркаларын – «Москвичтен» «Лексуска» чейинкилерди байкоого болот. Иномаркадагылар, негизинен,  туристтер. Аларды тейлөөчү туристтик фирманын ээси – Абазганов Болот. Ата жолун жолдоп, аны узарткан азаматтардын бири. Атасы Армия токой чарбасында 45 жыл иштеген. Болот 1998-ж. ЫМУнун токой факультетин аяктап (аны мен да окутуптурмун), токойчулукта иштеген, коммерсант  да боло койгон. Бирок мындай ишмердүүлүк аны анча канагаттан-дырбады, токойчулук, малчылык, саамал, кымыз менен дарылоонун, туризимдин башын бириктирген комплекс түзүүнү чечти. Фирманы ачаарда аны көптөгөн адамдар (туугандары, тааныштары, жоро-жолдоштору, кошуналары ж.б.) түшүнүшпөдү:

-Бээнин сүтүн да киши ичеби, аны менен дарыланат дегени эмнеси, ошого да адам келеби?

Болотту түшүнгөндөрдүн, жолун ачкандардын бири – белгилүү терапевт Ж.Ибраева. Ички органдардын ооруларын алдын алуу; ооруп калса, так диагноз коюп, айыктыруу боюнча көп жылдык бай тажрыйбасы бар врач саамал, кымыздын адамга жагымдуу

касиеттери, алардын курамы, ичүү эрежеси ж.б. боюнча Болотко кеңири консультация, ал тургай, илимий адабияттарды берген. Түйшүк муну менен эле бүтүп калбады-тиешелүү документтерди топтоо да машакаттууиш экен –чыдады. Чыдаган жеңет эмеспи.

Ошентип, турфирма 2005-ж. ачылганда материалдык-техникалык база анча деле даражалуу эмес эле. Алгачкы он чакты турист жасалгалуу, алты канат эки боз үйгө жайгаштырды. Бара–бара 8-9 орундуу вагонеткалар орун алды; ашкана, очоккана, тиричиликке керектүү ж.б. объектилер курулду. Көч бара-бара түзөлүп, июль–августтарда 35-40туристти тейлей алган турфирмага айланды. Анын атагы алыска тарады: эс алуучулардын арасында Германия, Казакстан, Россия, АКШдан келгендер да бар. 2011-ж. Калифорниядан 6 киши 10 күн жүрүп, эс алмак турсун, бээнин сүтүн илимий жактан изилдешкен (жыйынтыктары Болоттун колуна али тие элек).

Турфирманын негизги кызматтары:

-ылайыктуу жайгаштыруу;

-туристтерди жөө жана атчан узатып, жол көрсөтүү, тилмеч болуу; талаанын таттуу даамдарын уюштуруу;

-улуттук ат оюндарды көрсөтүү;

-Каркыра капчыгайындагы «Бүркүт –Таш», «Мазар-Булак», «Туз», «Турналуу-Көлгө» ж.б. саякаттоо;

-балык кармоо;

-бээнин жылуу сүтүн, буркураган кымызын ичирүү;

-телевизор көрүүгө; нард, шахмат, шашка ойноого, областтык, республикалык ж.б. газеталарды окуп турууга шарт түзүү. Буларга суткасына 800 с. төлөнөт.

Кызыктуу дагы бир экзотикага күбө болосуң. Көз уялткан ак мөңгүлүү Кан-Теңирге КРнын Коргоо министрлигинин тик учмасы менен саякаттасаң да өз эркиң. Ал үчүн 300 эле доллар жумшайсың – ар тараптуу эс алууда эмнеңди аяйт элең…

5 л. кымыз куйдуруп алып, үчөөбүз гүлү аңкыган тоого чыктык. Улам бийиктеген сайын жабык горизонттор алыстап, токой аянттары кеңее берет.

-Балдар, колго өстүрүлгөн гүлдөрдү атагылачы.

-Астра, георгин, гладиолус, нарцисс, фикус…

-Каркырадагы сансыз чөптөрдөн жана гүлдөрдөн кайсынысын билет экенсиңер?

Жооп болбогон соң, айрымдарын айтып берүүгө туура келди.

-Маданий гүлдөрдүн көбү жапайы гүлдөрдөн алынган. Каркырада, биз отурган жерде да, алардын бир далайы кездешет: ала гүл, байчечекей, бүргөн, гүлкайыр, жылтыр калканча, коңгуроо гүл, кундуз гүл, күчала, кымыздык, мандалак, себет гүл, чеге, чатырча, чачы гүл, уу коргошун ж.б. Чөптөрдүн түрү мындан да арбын; адырашман, аш көк, буудайык, жылдыз чөп, кара буудай, кара кыйгак, көк чай чөп, кырк муун, мамык чөп, мамыр, өгөй эне, сөйкө чөп, тарак баш, тогуз дөбө, шыпыргы чөп ж.б.

-Тилге, окуяга бай болом десеңер сөзгө да, турмушка да бай болгула.

-Калдайган жалбырактуу мобул өсүмдүктү маралкулак дешет. Ал тоонун назик чөптөрүн басып калып, алардын өсүшүнө тоскоолдук жаратат. Совет доорунда отоо чөптөрдү жок кылуу үчүн химия колдонулган, айыл чарба авиациясы менен дары чачылган. Бирок химия маданий өсүмдүктөргө да зыянын тийгизбей койгон эмес. Ата-бабалар марал кулак, коко тикенди жок кылууда төөлөрдү пайдаланган. Алардын эң жакшы көргөн салаты – марал кулак, коко тикен, куурайлар. Ошондуктан Кыргызстандын жайлоосундагы малчылар төөлөрдү өстүрүүгө далалаттанса, жайыттар химиясыз эле тазаланмак. Экинчиден, төөнүн чуудасы табылбаган сырье; үчүнчүдөн, төөнүн териси кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүдөөтө пайдалуу.

Аңгычакты тик учманын пропеллеринин добушу угулду. Таштан ташка урунган

Каркыранын шоокуму, жылкылардын кишенегени, токойдогу түркүн куштардын сайраганы ага кошулуп, оркестрдин чоң коллективи бизге концерт берип тургансыды. Каркыраны жээктеп, тоолорду аралап, көздөн кайым болгучакты тик учманы тиктедик.

Кээ бир адамдар тамак үчүн жашашат, айрымдары жашоо үчүн тамактанышат. Фирмага келгендер бал, быштак, жаш каймак, курут, кымыз, нан, сары май, саамал, сүзмөгөкарк болушат –каалашынча жешет, ичет, аларды чектөө деген жок.

-Биз жайлоонун экологиялык жактан таза нан, каймак, саамал, кымызына эле ыраазыбыз дегендер да бар, алар – Россиядан келишкендер. Ошентип, даярдаган ысык тамактар аягына чейин желбей да калат. Азоо бээлердин сол санын кучактап, аларды саанга көндүрүү искусствосу алыстан келгендерди, ал гана эмес балдарымды таң калтырды, таңдайын такылдатып тамшантты.

Сыркоолоп келгендер 10 күндүк эс алууда мурункусуна окшобогон ден соолукка ээ болушат; ичин тазалашып, тамак сиңиримдүүлүктү жакшыртышат; ашказан жараттарынан кутулушат; бронхит, кургак учукту курутушат; аз кандуулуктан арылып, иммунитетти жогорулатышат; эмдиги жылы кайра келүүнү эңсешет; жомокто жок жаратылыштын сыйкырдуу табийгатынын мээримдүү кучагында дагы бир ирет болгусу келишет; жер жайнаган, жайлоону жайлаган малдын ичинен марал көздүү, элик төштүү жылкыларды кайталап көрүүнү самашат. Баарыдан да Болоттун турфирмасынын меймандостугу менен достошконуна төбөсү көккө жетет.

Бирок бир нерсени айтпай коюуга болбос. Жайлоону бирге жайлашкан, казанды бирге майлашкан  казак туугандар баягыдай эмес. Каркыранын жээгиндеги тоо этектерине, көпүрөнүн казак тарабына тикенектүү зымдар тартышкан – чычкан жоргологус кылып тордошкон.

2011-ж. түшкө киргис, жагымсыз окуя болду. Каркырада чөнтөк телефон кабылдабайт. Өйүздө антенна бар. Казак таанышы аркылуу ошого барып, сүйлөшкүчө Болоттун токойчу агасы Эрикти чекарачылар кармап алышкан. «Күнөөсү» үчүн Эрик Алма-Ата, Ак-Дөбө, Астананын түрмөлөрүндө жети ай жүрүп, жер көрүп келди… Атасы көптөгөн чыгымдарга учурады. «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман». Чек араны «бузган» малды кайра айдап келмекчи болгон кыргыз малчыларын да туткундоого туысканыбыз өтө эле адистешип калды.

«Кызык экен суудан чыгып, Күндүн сууга батканы». Казак тоолорунан чыгып, кыргыз тоолоруна баткан Күн андан да кызык. Ал чек араны билбейт экен – мурункусундай эле казаксың, кыргызсың дебей, баарына бирдей жаркырап тийип жатыпты-ракылы жок жаратылыш акылдуу адамдан бийик турчудай…

Болот, анын турфирмасы менен жылуу-жумшак коштошуп, 4-фермага келдик. Келин алган кудалар келип, алардын урматына көк бөрү уюштурулду. Жел менен кошо жарышып, улак тартышып, колдору карышкан жигиттер жээндериме укмуштудай таасир калтырып, аларды элибиздин маданиятына аз да болсо дагы жакындатты.

«Өз агасын агалай албаган бирөөнүкүн сагалайт».  Көп жерде болсом да Короо-Карагайды эмдигиче көрелектигиме өкүнчүмүн, өзүмдү өзүм жемелечүмүн. Кең-Суудан, Бакыттын таажездесинен ат таап, анын баласы  менен сан жылкылуу Сарыбайдын айтылуу Короо-Карагайына саякатыбыз-ды узарттык.

Кош бол, көп кырдуу Каркыра! Аман болсок, сага дагы да келербиз. Айылдарда туугандары бар шаардыктар балдарын элге жакын кармаса, киргиз болбой, алардын кыргыз болушуна кошумча өбөлгө түзүшөөр беле.